УДК 392.16 (575.2)

**Кубанычбекова Айжамал Кубанычбековна**
И.Арабаев атындагы КМУ нун Тарых жана социалдык-укуктук
Билим берүү факультетинин магистранты
**Кубанычбекова Айжамал Кубанычбековна**
магистрант факультета истории и социально-правового образования
КГУим. И.Арабаева
**Kubanychbekova Aijamal Kubanychbekovna**
Master`s student of the Faculty of History and Social and legal Education of
KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БАЛДАРДЫН АБАЛЫ ЖАНА АЛАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ

# ПОЛОЖЕНИЕ ДЕТЕЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ПРИЧИНЫ НАСИЛИЯ НАД НИМИ

# THE SITUATION OF CHILDREN IN KYRGYZSAN AND THE CAUSES OF VIOLENCE AGAINST THEM

**Аннотация:** Макала азыркы учурдагы балдар кабылып жаткан зомбулуктардын келип чыгуу себептерин талкуулоого арналаган, анткени бейкуноо балдар көпчүлүк учурда ар кандай конфликтердин курмандыгы болуп калышууда.

**Аннотация:**Статья посвящена проблеме насилия в отношений детей, которое угрожает не только выживанию и здоровью детей, но и их эмоциональному благополучию и перспективам на будущее. Также анализируются меры, предпринимаемые государством по предотвращению жестокого обращения и насилия в отношении детей.

**Annotation:** The article devoted to the problem of violence against children, which threatens not only the survival and health of children, but also their emotional well-being and prospects for the future. It also analyzes the measures taken by the state agensy to prevent abuse and violence against children.

**Түйүндүү сөздөр:** Балдар, зомбулук, балдардын абалы, балдарга карата зомбулуктун себептери, балдарды коргоо, зомбулуктун алдын алуу.

**Ключевые слова:** Дети, насилие, положение детей, Причины насилия в отношении детей, защита детей, предотвращение насилия.

**Key words:**Children, vilence against children, protection of children, prevention of violence.

Жыйырманчы кылымдын башында көптөгөн өлкөлөрдө балдарды зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен коргоонун натыйжалуу тутумун түзүү үчүн көптөгөн аракеттер жасалган. Мындай системаны түзүүнүн негизги өбөлгөсү болуп Дүйнөлүк коомчулуктун баланын толук жашоого болгон укугун коргоого багытталган уюштуруу-укуктук чаралары болгон.

Бүткүл дүйнө жүзү боюнча эркектер жана аялдар баланын кадимки руханий жана физикалык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүп беришери 1924- жылы Улуттар Лигасы чакырган Женева декларациясында кабыл алынган.

БУУнун Башкы Ассамблеясы БУУнун Балдар Фондун (UNICEF) 1945- жылы түзүлгөн.

Коомдун жана мамлекеттин үй-бүлөнү коргоого болгон укугун, ошондой эле балдардын өзгөчө камкордукка жана жардам алууга укугу бар адам укугун БУУнун Башкы Ассамблеясы Жалпы Декларациясында 1948- жылы кабыл алган[1,215 – 221].

БУУнун Башкы Ассамблеясы Баланын Укуктары Декларациясын 1959- жылы кабыл алган жана декларацияга тийиштүү эң маанилүү принциптерди караган:

- баланын физикалык жана акыл-эс жетилбегендигин эске алуу менен, анын муктаждыктары өзгөчө коргоо жана кам көрүү, анын ичинде төрөлгөнгө чейин жана андан кийин тиешелүү укуктук коргоо;
- раса, түс, жынысы, тили, дини, саясий жана башка ишенимдери, улуттук же социалдык теги, материалдык абалы, туулгандыгы же балага же анын үй-бүлөсүнө байланыштуу башка жагдайлар боюнча бардык балдардын тең укуктуулугу;
- баланын жарандык укугу бар (аты-жөнү, жарандыгы, милдеттүү жана акысыз билим алуу укугу), ошондой эле биринчи кезектеги кайдыгерликтен, ырайымсыздыгынан жана эксплуатациясынан корголушу керек;
- “бала”... анын инсандыгын толук жана гармониялуу өнүктүрүү үчүн, ал сүйүүгө жана түшүнүүгө муктаж. "Мүмкүн болушунча, ал ата-энесинин камкордугу жана жоопкерчилиги астында, кандай болсо дагы, сүйүү жана моралдык жана материалдык коопсуздук чөйрөсүндө чоңоюшу керек" [1, б. 215 – 221].

Өзгөчө кырдаалдар болгон учурларды кошпогондо, кичинекей бала энесинен ажыратылбайт;

Коом жана мамлекеттик бийлик органдары тарабынан үй-бүлөсү жок балдарга жана жетиштүү жашоо каражаты жок балдарга өзгөчө кам көрүү милдеттүү.

1989-жылы Нью-Йоркто 20-ноябрда БУУнун Баланын Укуктары Конвенциясы кабыл алынып, 1990-жылы СССРдин Эл депутаттарынын Конгресси тарабынан ратификацияланган, ал 54 беренеден турган документ болгон. Конвенцияга киргизилген укуктар бардык балдарга тийиштүү болгон. [1, б. 215 – 221].

Конвенциянын өзгөчө орду бар:

- Биринчиден, анын негизги жоболору жалпы адамзаттык көйгөйлөргө байланыштуу. Ал "Балдар үчүн Магна Картасы" же "Баланын Укуктарынын Бүткүл Дүйнөлүк Конституциясы" деп аталышы бекеринен эмес;
- экинчиден, бул Кыргызстан үчүн өзгөчө мааниге ээ - ал жандануууга мүмкүндүк берет, үй-бүлөнү туруктуу баалуулук катары түшүнүүгө, ошондой эле үй-бүлөдөгү жашы жете электердин баш ийген орду жөнүндө кылымдар бою калыптанган патриархалдык идеяны өзгөртүү;
- үчүнчүдөн, Конвенциянын фундаменталдык жоболору үчүн негиз болгон БУУга мүчө болгон айрым мамлекеттердин, атап айтканда Кыргызстандын Үй-бүлөлүк, Жазык жана Жарандык кодекстеринин ченемдерин иштеп чыгуу;
- төртүнчүдөн, Конвенциянын ченемдерин иштеп чыгуунун укуктук методикасы ушунчалык ийкемдүү болгондуктан, ар бир баланын укугун камсыз кылуу үчүн, анын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, өнүгүүнүн ар кандай деңгээлиндеги абалды камсыз кылууга болот[1, б. 215 – 221].

Евробиримдиктин түзүлүшү менен эл аралык документтердин органы толукталган. Балдардын укугун коргоо боюнча Европа конвенциясы (1996) 1996-жылы БУУга мүчө мамлекеттердин 90% Конвенцияны ратификациялаган. Конвенция баланын укугун коргоого милдеттүү адамдардын чөйрөсүн билдирет: алар ата-энеси, камкорчусу, ошондой эле жашы жете элек адам үчүн юридикалык жактан жооптуу адамдар. Балага карата мыйзамда каралган укуктар менен милдеттерди талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн ата-энелердин, ошондой эле, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги белгиленет.Мамлекет балдарды багуу же коргоо үчүн жооптуу мекемелердин, кызматкерлердин жана органдардын ишинин коопсуздугун жана балдардын ден-соолугун сактоо принциптерин сактоону камсыз кылууга милдеттүү[1, б. 215 – 221].

Кыргыз Республикасы Баланын укугу жөнүндө конвенцияга кошулгандыгына 25 жылтолот. 30 жыл мурда глобалдуу деңгээлде Баланын укугу жөнүндө конвенция кабыл алынганы маалым[2].

Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык 2017-жылдын 27-апрелинде №63 беренеде **Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө** мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган. Бул мыйзам Зомбулуктун же кылмыштын курмандыгы болгон балдарды коргоонун өзгөчөлүктөрү жөнүндө чаралар көрсөтүлгөн[3].

**2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо боюнча Программасы кабыл алынган. Программа** үй-бүлөнүн коомдук институтун бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө, коомдун жашоосунда үй-бүлөнүн социалдык ролун жогорулатууга, ошондой эле балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыздоого багытталат[4].

Балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулуктун улам өсүп жаткан саны бул багытта көңүл бурууну талап кылууда. Зордуктоону жаап-жашыруу, сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдарды аныктоо жана коргоо механизмдеринин адекваттуу эместиги, тартип коргоо органдарынын чара көрбөгөнү жапа чеккен балдар үчүн түз даттануу механизмдердин жоктугу жана аларды коргой албоо, мындай балдарга психологиялык жардамдын жоктугу балдарды коргоого болгон укугунан ажыратууда.

Бул тууралуу президент Сооронбай Жээнбеков 2019-жылы, 25-июнда Баланын укугу жөнүндө БУУнун конвенциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Кыргызстандын бул конвенцияга кошулганынын 25 жылдыгына арналган Улуттук форумда айтты.

Мамлекет башчынын белгилешинче, биздин өлкөдө балдардын укуктук негиздери жетиштүү деңгээлде камсыз болгон. Бирок, ага карабай, айрым кемчиликтер орун алууда.

*«Интернат мекемелерине жөнөтүлгөн балдардын саны азайган жок. Жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүүлөр жетишсиз экени белгилүү. Социалдык коргоо, асыроо, камкордук жана көзөмөлчүлүк системасында кемчиликтер жана коррупциялык элементтер дале жоюла элек. Коомдо коргоосуз калган балдар зомбулукка, кемсинтүүгө дуушар болгон учурлар көбөйүүдө»*[5].

«Баланын укуктарын коргоочулар Лигасы» коомдук уюмунун директору Назгүл Турдубекованын айтымында, балдарга зордук-зомбулук азайып баратат деген динамика бар. Бирок мисалы, балдардын өз жанын кыюусу азайган жок. Бул үй-бүлөдөгү, жакындары тарабынан сексуалдык, ар кандай физикалык жана психологиялык зомбулуктан кабар берүүдө"[6].

«Мисалы, ооруканага жаткырылган балдардын 82 пайыз учурда балдарды катуу сабашкан жана алардын 10 пайызда сексуалдык мүнөздөгү зомбулук көрсөтүшкөн. Биз мындай учурлардын көбү жакыр үй-бүлөлөрдөн эмес, кадимкидей эле жакшы жашаган, ата-энеси бар эле үй-бүлөлөрдө болорун байкадык. Бирок зомбулуктун 77 пайызы алкоголь ичимдиктерин ичкенден кийин болоору такталды. Биз ошондой эле кээ бир балдар кайра-кайра сабалып ооруканага жаткырылган учурларды дагы каттап жатабыз. Бир бала төрт жолу сабалып, төрт жолу тең сөөгү сынып келген учур болду. Дагы бир баланы камчы менен уруп сабаган учур катталган»,-дейт дарыгер [7]. Бул көрүнүштөр өтө кейиштүү экени талашсыз. Кайра-кайра зомбулукка кабылган бала физикалык травмадан тышкары, өмүрүнүн акырына чейин эстен кетпегендей психологиялык травма алып калышы толук ыктымал.

Балдардын денесине залал келтирип уруп-сабоодон тышкары, Кыргызстанда акыркы жылдарда аларга карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук көрсөтүү көп катталууда. Ички иштер министринин орун басары Курсан Асановдун айтымында, акыркы учурда балдарга карата зомбулук көрсөтүү боюнча кылмыштарынын саны 10 пайызга жогорулаган. Статистика боюнча 2011-жылы ушундай мүнөздөгү- 83 факты, 2012-жылы – 151, 2013-жылы – 138, 2014-жылы -140 факты катталган[8].

Бүт Кыргызстанды толкуткан окуя 2015-жылы болгон эле. Анда эки жаштагы Ибрагимди комага түшкүчө сабап, зордуктаган агасы өмүр бою эркинен ажыратылды, жеңеси 15 жылга кесилди. Ибрагим быйыл 1-класста окушу керек эле. Бирок ал акыл-эс, физикалык жактан өз курдаштарынан бир топ эле артта. Бала майып болуп калды - өз алдынча басып, сүйлөй албайт Бала ар дайым бирөөнүн камкордугуна муктаж. Өгөй энеси багып алган жеткинчектен соцкызматкерлер маал-маалы менен кабар алып турат[9].

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин үй-бүлөгө жана балдарга социалдык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси Шабдан Кайыпов 2019-жылы 171 бала зордук-зомбулукка кабылгандыгын "Sputnik Кыргызстан" радиосуна маек куруп жатып билдирди[10].

3 жашар кызды скотчтоп зордуктаган зөөкүр.

Малика (атыөзгөртүлдү ред.) ал кезде болгону үч жашта болчу. Үйгө үй-бүлөнүн жакын досу келет. Бир аздан кийин ар ким өз иши менен кетет да, Малика агасы менен калат. Атасынын досу үйдөгүлөрдүн кеткенин акмалап турат да, үйгө кирип Маликаны алып кетет. Токойго алып барып, скотч менен чырмап туруп зордуктап, ошол жерге таштап баса берет.

Наристени токойдун жанынан өтүпбараткан жолоочулар таап алып, ооруканага алып барышат. Оор абалдагы бөбөккө бир нече ирет операция жасалат.

Ал эми ИИМ өкүлдөрү зөөкүрдүнизинетүшүп, көпөтпөйаныкармаган. Учурда ал түрмөдө жазасын өтөп жатат. Ал эми жабыркаган кыз байма бай психологдор менен иштешүүгө аргасыз [11].

Андай ачыкка чыккан мисалдар көз жаздымда калып атса, эч ким билбей үй ичинде зомбулукка кабылып, аны бала менен зомбулук жасаган адамдан башка эч ким билбей калган учурлар да болуусу толук мүмкүн. Андайда балага эч зыян келбей калса жакшы го, а эгер бала кийинки жашоосуна так келтирген соккуга дуушар болгон учур катталган болсо – бул өкүнүчтүү.

"Кыргызстандагы иштеген балдар. Балдар эмгегин иликтөө 2014-2015" иликтөөсүнүн жыйынтыгында ар бир үчүнчү бала тыюу салынганына карабай ишке тартылганы белгилүү болду [12].

Эмгек мигранттарынын балдары адатта чоң ата-чоң энелеринин, тууганДарынын үйүндө же интернаттык мекемелерде жашайт. Бул болсо аларга карата ташбоор мамиле

жасалат жана муктаждыктары көңүл сыртында кала берет деген тобокелдикти күчөтүүдө. Расмий эмес маалыматтарга ылайык өлкөдө 700 миңден ашуун адамдар тышкы миграцияга тартылган, ал эми ички мигранттардын так саны жок. Мына ошол мигранттардын көпчүлүгү өз балдарын жакын туугандарына таштап кеткендигинен улам балдар көп кыйынчылыктарга дуушар болушууда.

Биздин баамыбызда эч бир бала ата-энесинен алган мээримди, кам көрүүнү, сүйүүнү, камкордукту, камсыздоону башка эч кимден ала албайт. Балдар башка жакындарынын карамагында калган учурда да, алар баардык жактан жакшы мамиле кылган учурда да толук кандуу ата-эненин ордун баса алышпайт. Балдар ата-энесин дайыма сагынып, алардын камкордугу жетишпестигин сезген абалда болоору бышык. Балдар өзгөчө психологиялык туруксуздукка кабыл болушат, ички сезиминде ата-энелерине таарыныч жаралып, аларды тагдырдын сыноосуна таштап, кароосуз калтырып койгондой сезим пайда болот. Акырындык менен бул алыстык ата-эне менен балдардын ортосунда көрүнбөгөн чекти пайда кылат. Бири-бирине карата жакындык сезимдин алыстоосуна жол ачат. Биз эми миграция маселесин чече албасак да, алардын балдары менен алгылыктуу, жоопкерчиликтүү иш алып баруу керек деген сунушту белгилегибиз керек.

Маселени кантип чечсе болот?

Зордук-зомбулуктан жана ташбоор мамиледен жапа чеккен балдарды социалдык жактан коргоо жана реабилитациялоо үчүн ЮНИСЕФ Өкмөткө балдарды коргогон органдар тарабынан мындай балдарды коргоо боюнча туруктуу система түзүүгө жардам берүүдө. 2011-жылы балдарга колдоо көрсөтүү боюнча төрт борбор түзүлгөн. Ал жерде балдар – зомбулукту жана ташбоор мамиленин курмандыктары социалдык, психологиялык жана укуктук жардам көрө алышат Кыргызстан 17 жашка толо элек секелекти ала качуу үчүн Жазык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизген, анда он жылга чейин эркинен ажыратуу каралган. Социалдык нормалар, социомаданий практикалар жана ынанымдар басымдуулук кылып жаткан шарттарда ЮНИСЕФ балдар укуктары маселелери, ала качуунун терс таасири, эрте нике жана кыздын эркине каршы никеге мажбурлап тургузуу маселелери боюнча маалымдуулугун жогорулатуу үчүн ата-энелердин, балдарды баккан адамдардын жана бийлик органдарынын арасында туруктуу өнөктүктөрдү өткөрүп турат[13].

“Зомбулуксуз мектеп” программасын ЮНИСЕФ иштеп чыккан жана бул моделди кийин Өкмөт колдонгон: баштапкы пилоттук фаза окуучулар арасында, ошондой эле 38 мектепте мугалимдер, социалдык педагогдор жана жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү арасында опузалоо жана зомбулук жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууда чоң эффективдүүлүгүн далилдей алган. Мындан башка мектептерде зомбулуктун деңгээлин азайтуудан тышкары программа дагы да кеңири маданиятты калыптандырууга, көп түрдүүлүктү, укуктарды урматтоо, диалог түзүү, жаңжалды зомбулук колдонбой токтотуу усулдары үчүн коомдук нормаларды жана баалуулуктарды трансформациялоону илгерилетүүгө көмөктөшөт[1].

Балдарды зомбулуктан жана ташбоор мамиледен мыкты коргоо үчүн ЮНИСЕФ балдарды коргоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча түрдүү мамлекеттик органдар ортосунда бири-бирине багыттоо механизмин жана кызматташтыктын эффективдүүлүгүн жакшыртуунун үстүнөн иштеп жатат. Буга кошумча ЮНИСЕФ Өкмөт менен балдарды тарбиялоо боюнча ресурстук борборлорду түзүү жана балдарды тарбиялоо боюнча туруктуу программаларды жайылтуу аркылуу аларды позитивдүү жана зомбулуксуз тарбиялоонун үстүнөн иштеп жатат[13].

КРдин социалдык өнүктүрүү министрлигинин демилгеси боюнча алдын алуучу иштер аткарылган, анын алкагында балдарга карата катаал мамиленин алдын алуу жана жоюу боюнча өзгөчө чаралар планын бекиткен. Министрлик жана ведомстволор тарабынан биргелешкен буйрукка кол коюлган. Аталган буйрукка ылайык, бардык шаар жана райондордо Балдар иштери боюнча комиссиянын базасында балдарга карата катаал мамиленин алдын алуу жана жоюу боюнча Өзгөчө чаралар боюнча штабдар түзүлгөн. Жалпысынан алганда республика боюнча 528 штаб түзүлүп, анын 44ү – райондордо, 31и – шаарларда жана 453ү айылдык аймактарда түзүлдү[14].

Жыйынтыктап айта турган болсок балдарга ырайымсыз мамиле, зордук-зомбулуктун эки башка түрүнө кабыла турганын көрсөк болот. Эркек балдар көбүнчө ур-токмок, өлтүрүүгө кабылса, кыздар көбүнчө сексуалдык зомбулутун курмандыктары болушат экен. Көбүнчө сексуалдык зомбулука учураган кыздардын жашы 10-14 жаш куракты түзүүдө.

Өкүнүчтүүсү балдарга карата ырайымсыз мамиле, зордук-зомбулук көрсөткүчтөрү жылдан жылга өсүшү байкалууда. Буга социалдык тармактарда кеңири жайылган маалыматтардан улам балдарга карата зомбулук, ырайымсыз мамиле, ар кандай сексуалдык мамиленин мүнөзү психикалык жактан адамдын жабыркашына алып келүү менен зордук-зомбулукка түрткү берүү менен жашоонун кадыресе бөлүгү катары кабыл алышы мүмкүн.

Бийлик тарабынан бул орчундуу маселе бирден бир приоритеттүү катары коюлган. Бул көйгөйдү чечүү үчүн конкреттүү чаралар көрүлүп жатат. Биринчиден, өкмөттүн токтомуна ылайык, ар бир айыл өкмөткө социалдык кызматкерлер иш алып баруууда. Социалдык кызматкерлердин бирден-бир милдети болуп үй-бүлөлөр, балдар менен иштөө. Аз камсыз болгон, ата-энеси алыста жүргөн үй-бүлөлөрдүн жашы жете элек балдарына кам көрүү. Экинчиден, өкмөт тарабынан балдарды үй-бүлө зомбулугунан жана ата-энелердин ырайымсыз мамиле кылуусунан коргоо максатында атайын кызматтар ачылды, бул кызматтын ичинде психологдун жардамы да бар. Үчүнчүдөн ар бир билим берүү мекемесинде, өзгөчө мектептерде атайын социалдык педагог жана психологдорго штат ачылып алар баалдар менен тыгыз иш алып барышууда. Төртүнчүдөн атайын ишеним телефону түзүлүп, ага кайсы жакта, кандай убакыт болбосун балдар өздөрүнө караты жасалган мамиле, катаал иш чаралар тууралуу маалымдап, керек учурда кеңеш алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Бешинчиден, республиканын баардык аймактарында зомбулукка кабылган аялдар, балдарды коргоо максатында реабилитациялык борборлор, коомдук уюмдар алгылыктуу иштерди алып барышууда.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Лафицкая, Н.В. Ретроспективный подход к феномену насилия и жестокого обращения к детям в родительской семье / Н.В. Лафицкая, В.Г. Семенова / Фундаментальные исследования. – 2013. - № 8. – С. 215 – 221.

**Интернет булактары:**

2. Президент: зомбулуккакабылганбалдаркөбөйүүдөhttp://t-media.kg/2019/06/25/prezident-zombulukka-kabylgan-baldar-k-b-j-d/
3. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2017-жылдын 27-апрели № 63 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө
4. 2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо боюнча Программасыhttp://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/100204

5. Президент: зомбулуккакабылганбалдаркөбөйүүдөhttp://t-media.kg/2019/06/25/prezident-zombulukka-kabylgan-baldar-k-b-j-d/
6. Президент: зомбулуккакабылганбалдаркөбөйүүдөhttp://t-media.kg/2019/06/25/prezident-zombulukka-kabylgan-baldar-k-b-j-d/
7. Үй-бүлөдөгүзомбулук: Ата-энеси буту-колу сындырасабаганбалдаркөбөйдүhttp://kg-law.journalist.kg/ru/2015/11/30/y-b-l-d-g-zombuluk-ata-enesi-butu-kolu-syindyira-sabagan-baldar-k-b-yd/
8. «Чыда». Үй-бүлөдөгүзомбулукбалдардынүмүтүнөчүрүп, тагдырынталкалайт. ***Материалдыдаярдагандар:****АйдайБеделбеккызы, СаадатТөлөгөнова*http://t-media.kg/2019/12/19/chyda-j-b-l-d-g-zombuluk-baldardyn-m-t-n-sondurup-tagdyryn-talkalajt/
9. Кайыпов: өткөнжылы 171 бала зордук-зомбулуккакабылган Дагы: https://sputnik.kg/Radio/20200128/1046896832/otkon-zhyly-171-bala-zorduk-zombulukka-kabylgan.html
10. Үчжашаркыздыскотчтопзордуктаганзөөкүр
Дагы: https://sputnik.kg/society/20170601/1033639243/baldardy-ehmneden-korgoo-kerek.html
11.Таштандынынбалдары:
https://sputnik.kg/society/20170601/1033639243/baldardy-ehmneden-korgoo-kerek.html
12.ЮНИСЕФ. Ар бир бала үчүн. Программа. «Балдарга карата зомбулуктутоктотуу» https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/%D0%B1%D0%B0%D0%BB%D0%B4%D0%B0%D1%80%D0%B3%D0%B0-%D0%BA%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%B0-%D0%B7%D0%BE%D0%BC%D0%B1%D1%83%D0%BB%D1%83%D0%BA%D1%82%D1%83-%D1%82%D0%BE%D0%BA%D1%82%D0%BE%D1%82%D1%83%D1%83
13.Үй-бүлөдөгүзомбулук: Ата-энеси буту-колу сындырасабаганбалдаркөбөйдүhttp://kg-law.journalist.kg/ru/2015/11/30/y-b-l-d-g-zombuluk-ata-enesi-butu-kolu-syindyira-sabagan-baldar-k-b-yd/
14.ЮНИСЕФ. Ар бир бала үчүн. Программа. «Балдарга карата зомбулуктутоктотуу» https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/%D0%B1%D0%B0%D0%BB%D0%B4%D0%B0%D1%80%D0%B3%D0%B0-%D0%BA%D0%B0%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%B0-%D0%B7%D0%BE%D0%BC%D0%B1%D1%83%D0%BB%D1%83%D0%BA%D1%82%D1%83-%D1%82%D0%BE%D0%BA%D1%82%D0%BE%D1%82%D1%83%D1%83